УДК: 17 (07)

Раева Т.Т.
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Сантьяго де Компостела университети (Испания)*

# ИСПАНИЯДАГЫ БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МУГАЛИМДИ ДАЯРДОО ПРОЦЕССИ ЖАНА АГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

*Макалада Испаниядагы башталгыч билим берүүчү мугалимди даярдоо: базалык билим берүү, окуу мөөнөтү, баштапкы даярдык, коом, үй-бүлө жана мектеп маселеси анализделип, окутуу жана билим берүүдө мугалимге эксперименталдык илимдер, коомдук илимдер, математика, тил, музыкалык, пластикалык жана визуалдык билим берүү жана практика боюнча кандай көндүмдөргө жана жөндөмдөргө ээ болуу талабы коюлары жөнүндө маалымат берилген..*
*Университеттеги базалык, б.а., градуалдык деңгээл.*

Градуалдык этап – университеттеги биринчи билим берүү цикли. Бул этапта студент кийинки академиялык жана профессионалдык билим алууга даярдалат. Окуу мөөнөтү 3 жылдан 4 жылга чейин. Испанияда баштапкы билим берүүчү мугалимдерди даярдоо экиге бөлүнөт: инфантилдик (Educacion Infantil) жана башталгыч (Educacion Primaria). Инфантилдик билим берүү бул – мектепке чейинки билим берүү. Ал өз ичине 2 циклди камтыйт: 0-3 жашка жана 3-6 жашка чейинки балдарды тарбиялоо жана окутуу. Башталгыч класстарда 6 жаштан 12 жашка чейинки балдар билим алышат [2, 45-б.]. Мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүдө:

1) тарбиялоого жана билим берүүгө;
2) музыкалык билим берүүгө;
3) чет тилдерин үйрөтүүгө;
4) физикалык билим берүүгө;
5) маек кебин өстүрүүгө өзгөчө маани берилет.

Базалык билим алууда кредиттин керектүү өлчөмү 180 жана 240 ECTS, 1 курс 60 кредитти өз ичине камтыйт.

Испанияда башталгыч билим берүүчү мугалимдерди даярдоодо алардын базалык билим алуусуна 180 ECTS алгачкы даярдык үчүн жана 60 ECTS академиялык же профессионалдык ориентацияга бөлүнүп, анын 40 кредити практикумга кетет.

Башталгыч билим берүү 6-12 жаштагы окуучуга билим жана тарбия берүүнү 3 циклге бөлүп карайт. Бул этаптын негизги максаты – окуучунун жеке жана комдук өнүгүүсүнө көркөм, илимий, этикалык, лингвистикалык, математикалык, технологиялык мазмундагы билим берүүнү камсыз кылуу болуп саналат. Ушул максатка ылайык башталгыч класстын мугалимдери академиялык жана практикалык жактан мыкты даярдыктан өтүп, билим берүү мыйзамынын талаптарына жооп бериши керек. Башталгыч мектептин мугалимине коюлуучу талаптар (жөндөмү, шыгы, жеке манерасы, билими) жөнүндөгү декретте [1] төмөндөгүлөр көрсөтүлгөн:

1. Башталгыч билим берүүдөгү окутулуучу предметтердин байланышын жана айырмасын, баалоо критерийлерин билүү менен дидактиканын негизги мыйзам ченемдүүлүктөрүнө жараша билим берүү жана окутуу.

2. Сүрөт тартуу, пландоо жана баалоону билим берүү жана практика процесстеринде колдоно алуу. Өзүнүн жеке индивидуалдык жөндөмдөрүн жогорулатуу үчүн башка мугалимдер жана профессионалдык борборлор менен кызматташа билүү.

3. Өз алдынча окуусун өнүктүрүү менен көркөм текстти коментариялап жана ага сын-пикир айтууда ар түрдүү илимий жана маданий мазмундагы булактарга таяна алуу.

4. Мектептин башталгыч классындагы уюштурулуучу ар түрдүү иш-аракеттерди билүү жана алардын функциясын жакшы түшүнүү.

5. Окуучулар менен бул багытта өз ара кызматташа билүү, алардын үй бүлөсү жөнүндө маалымат алуу.

6. Билим берүүдө тең укуктуулукту, чындыкты жана адам укуктарын сыйлоо, граждандык билим берүүнүн баасын билүү жана аны жайылтуу.

7. Аудиториянын ичинде жана андан сырткары учурда бири-бирине колдоо

көрсөтүү, конфликтүү кырдаалдарды тынч жол менен чече билүү.

8. Аракети бар, билимге умтулган окуучуларды туура баалоо жана стимул берүү.
9. Ар түрдүү тарбия берүүчү коомдук уюмдар менен кызматташа билүү.
10. Демократиялык жактан билим берүү.
11. Билим берүүгө сын көз менен кароо, коомдук жана жеке уюмдар менен байланышта болу.
12. Адамдын жеке жетишкендиктерин жана жеке жоопкерчиликти баалоо.
13. Окутууну мыкты уюштуруу жана жаңылап туруу максатында аудиторияда практикалоо.
14. Окуучуга берилүүчү билимди мезгилдин талабына жараша өзгөртүп, жаңылап, илимий, педагогикалык жана коомдук өзгөрүүлөргө жараша жаңыртып туру.
15. Билим берүүнүн ар түрдүү кырдаалдарында пайдаланууга ылайыктуу болгон ыкмаларды жакшы билүү жана аны коллектив арасында жайылтуу.
16. Маалымат жана коммуникациянын технологияларын билүү жана аудиторияда колдоно алууга үйрөнүү.
17. Аудио-визуалдык маалыматтарды тандап, айырмалай билүү менен, граждандык билим берүүнүн маданий байлыктарын үйрөнүү.
18. Башталгыч билим берүүнүн жана аны окутууга даярдоочу мугалимдердин функциясын, мүмкүнчүлүктөрүн, жеткен чегин, азыркы коомдогу ордун жана фундаменталдык конкуренциясын жакшы билүү.
19. Тарбиялоодо колдонулуучу сапаттуу моделдерди мыкты өздөштүрүү.

*Билим берүүнү пландоо*

Университеттик официалдуу билим берүү келишиминде 240 европалык кредиттик мөөнөт окуу планында көрсөтүлгөн (1393/2007, 29-октябрдагы Королдун указы, 5-статья).

Окууну аяктаган студент Испаниянын мамлекеттик тили болгон кастиль тилин С1 (эң мыкты) деңгээлинде билип жана жалпы европалык стандарт боюнча өз оюн башка чет тилинде В1 (окуп жана угуп түшүнө билүү) деңгээлинде баяндап бере алышы керек [4]. Окуу планы төмөнкү модулдарды ичине камтыйт:

*1) Баштапкы даярдык. Окутуу жана билим берүү* (60 кредит):

6-12 жаш курагындагы окуучунун коомдук жана үй-бүлөлүк шартын, ошондой эле мектептеги окуу процессин кандай өздөштүрөрүн жакшы билүү. Ушул курактагы окуучуларга мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү, алардын коомдогу ордун түшүнүү. Бул куракт агы окуучулардын жеке өсүп-өнүгүшүнө тиешелүү болгон жана коомдук мүнөздөгү өзгөчөлүктөрүн мыкты түшүнүү. Анын жеке өсүп-өнүгүшүнө байланышкан жана бардык жагынан ачып берүүчү керектүү билимге ээ болуу. Билим берүүдөгү оорчулуктарды жеңүүгө даяр болуу. 6-12 жаштагы баланын өсүп-өнүгүшүнө байланышкан коомдук уюмдар, мамлекеттик жана жеке мекемелер менен кызматташа билүү. Билим берүүдөгү атаандаштыкты, сунуштарды жана мезгилдин талабын туура түшүнүү. Тарбия берүүнүн ар түрдүү кырдаалдарын чечүүнү пландоо, ар бир окуучунун жеке индивидуалдык жөндөмдүүлүгүн, окуу процессине анын тийгизген таасирин туура баалай билүүгө үйрөнүү.

*2) Баштапкы даярдык. Окутуу жана билим берүү:*

6-12 жаштагы окуучуну класста жана класстан тышкаркы учурда тарбиялоо процессин анализдеп жана түшүнө билүү.

Башталгыч билим берүүнүн негиздерин билүү. Мамлекеттеги тарбия берүү эволюциясынын тарыхый системасын билүү жана тарбия берүү активдүүлүгүн аныктоочу саясий жана мыйзамчыгаруучу факторлорго таяна алуу. Окуучу менен окуучунун, мугалим менен окуучунун өз ара класстагы пикир алмашуусун билүү. Конфликтүү кырдаалдарды тынч жол менен чече билүүсү.

Коомдун активдүү, демократиялык граждандарын тарбиялоого багытталган билим берүүнү алдыга сүрөө. Мектептеги ар түрдүү кырдаалга даяр болуу. Билим берүүнү жана окутууну пландай, баалай жана иштеп чыга билүү. Башталгыч билим берүүдөгү новатордук тажрыйбаларды билүү жана колдоно алуу. Тарбия берүүнүн жана сапаттуу башкаруунун критерийлерин аныктоону билүү. Тарбиялоону изилдөөнүн

методологияларын билүү жана аны колодоно алуу, жаңылык киргизүүчү ар кандай долбоорлорду иштеп чыгууга жөндөмдүү болуу.

*3) Коом, үй-бүлө жана мектеп:*

Үй-бүлө, анын коомдогу орду, негизги типтери жөнүндө түшүнүккө ээ болуу. 6-12 жаш курагындагы баланын ата-энеси, үй-бүлөсү, асырап алса, асырап алуу жөнүндөгү мыйзамды, анын функцияларын жакшы билүү. Билим берүүнүн ар түрдүү кырдаалдарында үй-бүлө жана коом менен кызматташа билүү. Үй-бүлөгө жана мектептеги билим берүүгө тиешелүү болгон азыркы коомдун эң негизги маселелерин анализдеп жана сын көз менен кароого жөндөмдүү болуу. Үй-бүлөнүн тарыхый эволюциясын, анын ар түрдүү типтерин, жашоо стилин билүү.

4) *Окутуу жана билим берүү: эксперименталдык илимдер* (100 кредит):

Эксперименталдык илимдердин (физика, химия, биология жана геология) фундаменталдык мыйзамдарын жана негизги принциптерин, аларды мектепте окутуунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүү. Илимий жетишкендиктердин күнүмдүк турмуштагы ордун билүү. Илимдин коомдук жана технологиялык өнүгүшүнүн өз ара байланышын түшүнүү.

*5)Коомдук илимдер*:

Коомдук илимдердин негизги принциптерин билүү. Коомдук илимдердин мектептеги ордун түшүнүү.

Тарыхый жана географиялык окууну маданият менен байланыштыра билүү. Демократиялык билим берүүгө умтулуу менен, коомдогу сын ой жүгүртүү практикасын ойготуу. Диний фактылардын тарыхын билүү, аны маданият менен байланыштыруу.

*6) Математика*:

Математикалык (сандар, алуу, кошуу, кемитүү, бөлүү, геометрия, мейкиндик жөнүндө түшүнүк, баалоо, анын негизги каражаттары ж.б.) билимге ээ болуу. Мектеп математикасын билүү. Математикалык сунуштарды анализдөө, негиздөө жана жыйынтыктоо. Математика менен байланышкан күнүмдүк жашоодо керектелүүчү маселелерди чече билүү. Математика менен башка илимдердин байланышын жана ал илимдердин арасындагы математиканын ордун түшүнүү.

*7) Тил*:

Тилдин жана пикир алмашуунун негизин түшүнүү. Адабият жөнүндөгү билимдерге ээ болуу жана балдар адабиятын билүү. Өзү жашаган мамлекеттеги официалдуу тилдерде сүйлөй, окуй жана жаза билүү. Башка официалдуу тилдерди үйрөнүүдөгү негизги кыйынчылыктарды билүү. Чет тилинде оозеки жана жазуу түрүндө оюн түшүндүрө алуу.

*8) Музыкалык, пластикалык жана визуалдык билим берүү*:

Маданий, жеке жана коомдук билим берүүдөгү искусствонун ордун билүү. Мектептеги көркөм, пластикалык, аудио-визуалдык жана музыкалык билим берүү. Мектептин ичинде жана класстан тышкаркы музыкалык жана пластикалык активдүүлүктү мыкты жүргүзүү, уюштуруу жана ага активдүү катышуу үчүн музыкалык көндүмдөргө жана жөндөмдөргө ээ болуу.

*9) Дене тарбиялык билим берүү:*

Дене тарбиялык билим берүүнүн башатын, маданий, жеке жана коомдук билим берүүдө анын ордун түшүнүү. Спорттун жашоого тийгизген таасирин, мектепте жана класстан тышкарки учурдагы дене тарбиялык билим берүүнү билүү. Дидактикалык каражаттардын жардамы менен аны окутууну өнүктүрүү жана баалай билүү.

*10) Практика* (50):

Аудиторияда практикалык билимге ээ болуу жана аны колдоно билүү. Билим алууну жана бири-бирин түшүнүүнү жеңилдетүү үчүн аудиториядагы климатты ойготуу. Өз ара карым-катышты жана пикир алмашуу процесстерин билүү, шамдагай болуу менен, коомго керектүү жөндөмдөргө ээ болуу жана аны башкара билүү. Тарбиялоону билим берүү процессинин өзгөчөлүктөрү менен айкалыштыра билүү, ал үчүн керектүү стратегияларга жана техникаларга ээ болуу. Теория менен практиканы чыныгы жашоо менен байланыштыра билүү. Коомдогу ар түрдүү ишмердүүлүктүн жетишкендиктерине өз салымын кошо алуу. 6-12 жашар окуучунун өз ара карым-катыш жана пикир алмашуу

процессин жөндөй билүү. Тарбия берүүчү ар түрдүү коомдук уюмдар, бирикмелер жана курчап турган коом менен кызматташуунун формаларын билүү.

Жыйынтыктап айтканда, жогоруда көрсөтүлгөн жөндөмдөргө жана көндүмдөргө ээ болгон келечек ээлерин тарбиялоо Кыргызстандын башталгыч класстын мугалимдерин даярдоочу ЖОЖдорунун негизги милдети.

**Адабияттар**


1. BOE, num.312. ORDEN ECI/3857/2007, de 27 de diciembre
2. Francisco G. N. (Universidad de Almeria). La Didactica de la Lengua y la Literatura en el Espacio europeo de Educacion Superior // Lenguaje y Textos, 2007 SEDLL. Num.25, junio, p.45

1. Garcia. J.A. (2006): ¿Que es el Espacio Europeo de Educacion Superior?, Barcelona: Universidad de Barcelona.
2. R.D. 1509/2005, de 16 de diciembre, por el que se modifican el R.D. 55/2005, de 21 de enero, por el que se establese la estructura de las enseñanzas universitarias y se regulan los estudios universitarios oficiales de grado y el R.D. 56/2005, por el que se regulan los estudios universitarios oficiales de postgrado (BOE 303, 20/12/05).
3. Vez, J.M. (2000): Fundamentos linguisticos en la enseñanza de lenguas extranjeras, Barcelona: Ariel.